**Биология**

**PISAга багытталган тест**

**8 – класс**

<table>
<tr><td>Оң тараптагы текстти окуп чыккыла. Берилген суроого туура жооп бергиле.<br>1-суроо: Келбет деген эмне?<br>Бир гана туура жоопту белгилегиле:<br>А) ички органдардын өз ордунда жайгашуусу<br>Б) омуртка тутуму менен төш сөөгүнүн кыйшаюсу<br>В) тынч турганда жана кыймыл учурунда дененин адаттагы абалы<br>Г) кыймыл учурундагы булчуңдардын кыскарышы жана шалдайышы</td><td colspan="2">Келбетти калыптандыруу<br><br>Адамга чырайлуу келбет төрөлгөндө эле берилбестен, ал кийин калыптанат. Ал бала чагында, жаш курагында иштелип чыгат, 18 жаштан кийин келбеттин кемчилигин оңдоо өтө кыйын болуп калат. Анткени бала чакта омурткалардагы кемирчек тканы али сөөк менен алмаша элек болот.</td></tr>
<tr><td rowspan="5">Тапшырманын мүнөздөмөсү<ul><li>Мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар</li><li>Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү</li><li>Контекст: жекече</li><li>Тапшырманын татаалдык деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)</li><li>Жооптун форматы: бир туура жооптуу</li><li>Максималдуу упай: 1</li></ul>Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</td><td colspan="2">Баалоо системасы</td></tr>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийдин мазмуну</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Туура жооп: 3 (В)</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок</td></tr>
<tr><td colspan="2"></td></tr>
</table>

***Оң тараптагы текстти окуп чыгып, сүрөткө көңүл бөлгүлө. Берилген маалыматка таянып, суроого туура жооп жазгыла.***

**2-суроо:** Бул жагдайда кайсы белгилер боюнча келбеттин туура эместигин баалоого болот?

*Өз жообуңарды жазгыла:*

**Келбетти калыптандыруу**

Айжан көчөдөн көптөн бери көрө элек дос кызына жолукту. Ал тизеси бүгүлгөн, чарчаңкы бутун сүйрөп басып баратты. Жүзү капалуу абалда, башын жерге салып, ийини куушурулган, бүкүрөйүп алгандыктан, ал аны алгач тааныган да эмес.



**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: корутунду чыгаруу үчүн маалыматтарды чечмелөө
- Контекст: жекече
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: орто (продуктивдүү)
- Жооптун форматы: кенен (толук) жооптуу
- Максималдуу упай: 2

Текшерүү ыкмасы: эксперт аркылуу

**Баалоо системасы**

| Упай | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Туура жообу: башы ылдый түшкөн, бүкүрөйгөн, буттары бүгүлгөн, ийини куушуруңку |
| 1 | Эки же үч туура жооп жазылса |
| 0 | Башка жооптор же жооп жок |

<table>
<tr>
<td>***Оң тараптагы текстти окуп чыгып, берилген маалыматка таянып, сүйлөмдү толуктагыла.***<br>**3-суроо: Келбеттин туура эместиги ... алып келиши мүмкүн.**<br>*Бардык туура жоопторду белгилегиле:*<br>А) омуртка тутумунун кыйшайышына<br>Б) ички органдардын жылышуусуна<br>В) кызыл чучуктун кызматынын бузулушуна<br>Г) сөөктүн химиялык курамынын өзгөрүшүнө</td>
<td colspan="2">**Келбетти калыптандыруу**<br><br>Чоң адамдар бизге дайыма “Бүкүрөйбө, түз отур” деп айтышат. Туура эмес келбет омуртка тутумун кыйшыйтып, көрксүз кылып көрсөтөт. Эгерде балага жаш кезинен омуртка тутумун түз кармаганды үйрөтсө, анда карыганда омурткасы менен бели ооруп кыйналбайт.</td>
</tr>
<tr>
<td rowspan="5">**Тапшырманын мүнөздөмөсү**<br>• Мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: кубулуштарды илимий жактан түшүндүрүү<br>• Контекст: жекече<br>• Тапшырманын татаалдык деңгээли: орто (продуктивдүү)<br>• Жооптун форматы: бир нече туура жооптуу<br>• Максималдуу упай: 2<br>Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</td>
<td colspan="2">**Баалоо системасы**</td>
</tr>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийдин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Туура жооп: 12 (АБ)</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Бир гана туура жооп тандалса</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок же эки жооптун бири туура, экинчиси туура эмес болсо</td></tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыгып, берилген суроого жооп жазгыла..<br>4-суроо: Эмне себептен айылда жана шаарда жашаган адамдарда сколиоз оорусуна кабылуунун көрсөткүчтөрү айырмалуу болуп калды? Себебин түшүндүргүлө:<br>Өз жообуңарды жазгыла:<br>________________________________________<br>________________________________________<br>________________________________________</td>
<td colspan="2">Келбетти калыптандыруу<br><br>Кай бир жаш балдарда келбеттин бузулушу сколиоздун б.а. омуртка тутумунун деформациясынын натыйжасында келип чыгат. Мындай оору эреже боюнча 8-10 жаштан башталат. Жер жүзүндөгү калктын 40% дан ашыгы сколиоз оорусунан жапа чегишет. Сколиоз оорусуна шаардыктар 12% чейин кабылса, айылда жашагандарда ал оору 6.6% түзөт.</td>
</tr>
<tr>
<td rowspan="5">Тапшырманын мүнөздөмөсү<ul><li>Мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар</li><li>Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: табигый-илимий изилдөө ыкмаларын колдонуу</li><li>Контекст: жекече</li><li>Тапшырманын татаалдык деңгээли: орто (продуктивдүү)</li><li>Жооптун форматы: кенен (толук) жооптуу</li><li>Максималдуу упай: 1</li></ul>Текшерүү ыкмасы: эксперт аркылуу</td>
<td colspan="2">Баалоо системасы</td>
</tr>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийдин мазмуну</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Туура жооп: Айыл тургундары шаарлыктарга караганда көп кыймылдашат</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок</td></tr>
<tr><td></td><td></td></tr>
</table>